КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
МАНАС
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МАНАССКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМУ

2026-жылдын “13”октябры №28

Манас айылдык кеңешинин 2025-жылдын 3-февралындагы № 11 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 39-беренесинин 1, 2 жана 5-бөлүктөрүнө, Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренесинин 2-бөлүгүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 22-февралындагы № 53 «Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Манас айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Манас айылдык кеңешинин 2025-жылдын 3-февралындагы № 11 токтому менен бекитилген тиркеменин 1-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.
2. Ушул токтом менен өзгөртүлбөгөн Манас айылдык кеңешинин 2025-жылдын 3-февралындагы № 11 токтомунун башка жоболору күчүндө калтырылсын.
3. Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Б.Омуровго ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрүү жана муниципалдык ишкана тарабынан кызмат көрсөтүүлөрдүн мыйзамдарга ылайык уюштурулушун камсыз кылуу сунушталсын.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Төрага **Ж.А.Жанжигитов**